БЕКИТЕМИН

25.__.__ ж.

**Сабактын план-конспектисин жазуу жонүндө ЖОБО**

**Жалпы жоболор**

**Сабактын план – конспектиси (СПК) окуучулардын денгээлин эске алуу менен сабакты алдын ала пландоо, анын максат милдеттерин, сабакта калыптана турган компетенттүүлүктөрдү тактоо, баалоо түрлөрүн, колдонулуучу каражаттарды аныктоо ж.б. үчүн зарыл болуп саналат.**

**Сабактын план – конспектиси (СПК)**

1. **Сабакты алдын ала турган боюнча өтүүгө;**
2. **Сабакта ырааттуулукту сактоого;**
3. **Пландаган нерселерди калтырып кетпөөгө;**
4. **Сабактын конкреттүү натыйжаларын пландаштырып, аларга жетишүүгө;**
5. **Убакытты туура пайдаланууга ж.б. жардам бериши зарыл.**

**Демек, ал түзүмдүк (структуралык) так жана түшүнүктүү, мугалим сабак учурунда аны колдоно алгандай жазылышы зарыл. Татаал түрдө өтө көп бетке жазылган СПКны пайдаланууга абдан эле ыңгайсыз болот. Сабак учурунда мугалим аны кайра-кайра окуп бере албайт, окуучулардын алдында бул абдан ыңгайсыздык жаратат. Тескерисинче кыска, так, колдонууга ыңгайлуу жазылган СПК мугалим үчүн пайдалуу болуп саналат.**

**2. КР жалпы билим берүүчү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө (толтурууга) милдеттүү болгон документтерди 1-тиркемесинде: "үч жылдан ашык үзгүлтүксүз иштегендерге сабактын план-конспектин кыскартылган структуралык формада жазууга уруксат берилет, ал эми жаш мугалимдер кеңири формада жазышат" – деп баяндалат.**

**3. СПКнын төмөнкүдөй варианты берилген:**

- **КЛАСС**

**Окуу предмети:**

**Сабактын темасы:**

**Сабактын тиби:**

**Колдонуучу каражаттар:**

Сканировано с CamScanner

**Сабактын жүрүшү**

| № | Сабактын баскычтары (убактысы) | Мугалимдин жана окуучунун ишмердиги | Компетенттүүлүктөр | | Баалоо (калыптандыруучу баалоо, техникалары, эскертүү) |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Негизги | Предметтик | |
| 1. | Уюштуруу:<br>1.1 Саламдашуу | | | | |
| | 1.3 Шыктандыруу | | | | |
| 2. | Үй тапшырманы суроо | | | | |
| 3. | Жаңы теманы түшүндүрүү | | | | |
| 4. | Практикалык иш | | | | |
| 5. | Бышыктоо | | | | |
| 6. | Баалоо | | | | |
| 7. | Тапшырма берүү | | | | |
| 8. | Жыйынтыктоо | | | | |

Мында мугалимдер күндө жазып жүргөн кадимки СПКнын түзүмү алынды. Дароо эле төмөнкүдөй суроолордун жаралышы мыйзам ченемдүү:

4. Сабактын максаттары бир нече вариантта коюлуп жүрөт, негизинен төмөндөгүдөй вариант колдонулат:

1. Билим берүүчү максат;
2. Өнүктүрүүчү максат;
3. Тарбиялоочу максат.

Мында бул үч компетенттин биримдиги сакталышы керек.

"СПК" сабакты алдын ала түзүлгөн план боюнча өтүүгө, сабакта ырааттуулукту сактоого, пландаган нерселерди калтырып кетпөөгө, сабактын конкреттүү натыйжаларын пландаштырып, аларга жетишүүгө, убакытты туура пайдаланууга ж.б. жардам бериши керектигин эске алсак, мугалимге сабактын максаттарын бул варианттардын каалаган түрүндө уруксаат берүү керек. Эң негизгиси, коюлган конкреттүү натыйжаларга жетүү болуп саналат

4. Сабактын максаттары кандай вариантта жазылса да, ал так конкреттүү, ченеле турган болуп SMART критерийлерин эске алуу менен, баланын позициясынан коюулушу керек.

SMART сөзү англис тилинен "акылдуу" деп которулат:

S(specific) – конкретүү, спецификалуу;

Сканировано с CamScanner

M(Measurable) - ченеле, өлчөнө турган;

A(Affordable) - ишке ашырыла турган;

R(Realistic) – реалдуу, натыйжага багытталган;

T(Time) - убактысы аныкталган.

Максаттар сабак менен тыгыз байланышта ишке ашат, б.а. сабакты, анын мазмунун толук ачып бериши керек. Максаттар сабактын мазмунунан аз да, көп да болбошу керек. Сабакта колдонулган көнүгүүлөр, ишмердиктер, ыкмалар ж.б. максат менен байланышып турушу зарыл.

5. Компетенттүүлүктөр (НК) үчөө, алар КР өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июнундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартында берилген:

- Маалыматтык компотенттүүлүк;
- Социалдык-коммуникациялык компотенттүүлүк;
- Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү.

Предметтик компетенттүүлүктөр (ПК) предметтик стандартта берилген, алардын саны ар башка, айрым предметтерде үчөө болсо, айрымдарында бешке чейин.

Кыргызстан компотенттүүлүккө негизделген документти, КРда жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын кабыл алганына жана компотенттүүлүк компотенттүүлүк мамилеге негизделүүдө.

Мугалимдин сабагын пландаштырууда компетенттүүлүк мамилени эске алуучу жана негизи, предметтик компетенттүүлүктөрдү сабагынын кайсы жеринде калыптандыруу. Ошондуктан СПК да ушул пунктар киргизилди.

Тажрыйбалуу мугалимдер түзүмдүк (структуралык) түрдө жазышат, б.а. жогоруда берилген форманын пунктары (айрыкча сабактын жүрүшү боюнча) сакталганы менен, алар зарылчылыгына жараша кыскача толтурулат. Мисалы, жаңы теманы түшүндүрүү, практикалык иш, баало жана жыйынтыктоо боюнча урунттуу учурларды жазса болот.

Сканировано с CamScanner